КАРЕГИМДЕ МЕКЕН ЧЕГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ

# Чегарада / На границе

2018-ЖЫЛ, ИЮЛЬ №7 (173)

www.gps.gov.kg





# ПОДВОДЯ ИТОГИ ЗА ПОЛУГОДИЕ

**20 июля 2018 г. в г. Бишкеке состоялось очередное заседание Коллегии Государственной пограничной службы Кыргызской Республики.**

В повестку дня были включены вопросы подготовки органов управления, соединений и частей пограничного ведомства к осенне-зимнему периоду на 2018-2019 гг., а также результаты реализации «Детализированного плана мероприятий в ГПС КР по демонтажу коррупционных рисков, выявленных в системе ВС КР».

Участники заседания обсудили актуальные вопросы повышения боевой готовности личного состава ГПС КР, эффективности процессов подготовки и повышения квалификации военнослужащих и обратили особое внимание на исполнительскую дисциплину при выполнении требований законодательства, приказов командования и работу с обращениями и жалобами граждан.

В ходе мероприятия было отмечено, что с целью эффективного противодействия коррупции в ведомстве были определены несколько зон риска, по которым велась работа. Как сообщил заместитель председателя ГПС КР полковник К.Исаков, благодаря комплексному подходу, в I-ом полугодии 2018 г. ведомство выявило 5 фактов вовлечения военнослужащих в коррупционные действия, по которым в настоящее время возбуждены уголовные дела.

На заседании Коллегии были также озвучены итоги подготовки ГПС КР к осенне-зимнему периоду на 2018-2019 гг. Завоз продовольствия и ГСМ на отдаленные высокогорные заставы будет завершен до 10-го сентября, во все остальные подразделения – до 1-го ноября. Особенность тылового обеспечения пограничных подразделений состоит в том, что завоз необходимых продуктов, грузов и ГСМ завершается раньше, чем в других структурах.

Заместитель председателя ГПС КР полковник Д.Сатимов, отметил, что в 2018 г. будет продолжено строительство домов для офицерского состава и в скором времени будут введены в эксплуатацию новые пограничные комплексы.

Участники заседания подчеркнули необходимость совершенствования уровня боевой подготовки войск и повышения профессиональной квалификации военнослужащих.

Учитывая постоянно изменяющийся характер угроз и вызовов безопасности, а также развитие новых технологий и других факторов, влияющих на проблемы безопасности, сегодня необходимо обратить особое внимание на подготовку военнослужащих. Прежде всего, пришло время менять тематику и содержание занятий по командирской подготовке. Подход к определению тем не должен быть формальным. Следовательно, должны учитываться и квалификация, и насколько применимы те или иные знания различными категориями военнослужащих, полученные ими в их служебно-боевой деятельности.

Современная ситуация в мире требует новых подходов в военной сфере.

В ходе мероприятия были озвучены итоги служебно-боевой деятельности ГПС КР за I-ое полугодие 2018 г. Так, в первом полугодии обстановка на государственной границе сохранялась стабильной, зафиксированы 8 пограничных инцидентов, что на 4 пограничных инцидента меньше, чем за аналогичный период 2017 года (12 пограничных инцидентов).

Из них: - на кыргызско-таджикском участке – 5; - на кыргызско-узбекском участке – 3. В июле 2018 г. зафиксирован 1 пограничный инцидентна кыргызско-таджикском участке.

В 1-ом полугодии 2018 года силами и средствами Государственной пограничной службы Кыргызской Республики за нарушение государственной границы всего задержаны 96 человек.

Большая доля задержанных за нарушение госграницы лиц, приходится на долю органов пограничного контроля (пункты пропуска) – 67 человек. Таким образом, зафиксировано возросшее количество граждан, пытающихся незаконно пересечь границу путем подделки документов или по чужим документам.

**(продолжение на стр. 2)**









# ПОДВОДЯ ИТОГИ ЗА ПОЛУГОДИЕ

**(Продолжение. Начало на стр. 1)**

За нарушение режима госграницы задержаны 148 человек, что на 29 человек больше, чем за аналогичный период 2017 года (119 человек).

За нарушение пограничного режима задержаны 16 человек, что на 10 человек больше чем за аналогичный период 2017 года (6 человек).

В отчетный период пограничники обнаружили и изъяли 13 ед. оружия, 174 шт. боеприпасов, 1 шт. комплектующие.

Во взаимодействии с подразделениями МВД задержаны свыше 31 кг. наркотических средств, в том числе более 30 кг. конопли, более 1 кг. опиума.

Пограничники задержали контрабанду на общую сумму свыше 19 879 000 сомов, выявлены 61 668 фактов незаконного провоза груза через государственную границу (уклонение от налогообложения в ЕАЭС).



В вопросах противодействия незаконной миграции, торговле людьми ГПС КР за 6 месяцев 2018 года выполнила 5 702 оперативных поручения.

Значительную роль в сохранении стабильной обстановки на госгранице сыграли пограничные представители Кыргызской Республики, которые своевременно реагировали на изменения обстановки на приграничных территориях путем обмена информацией, проведения погранпредставительских встреч и проведения культурно-досуговых мероприятий. ГПС КР в пределах своей компетенции реализовало комплекс превентивных мер по противодействию международному терроризму и религиозному экстремизму в пограничном пространстве.

Так, в первом полугодии 2018 года в результате фильтрационно-проверочных мероприятий ГПС КР выявила более 600 граждан, возможно причастных к международным террористическим и религиозно-экстремистским организациям.

Военнослужащие ГПС КР выявили и задержали 12 лиц, принимавших активное участие в боевых действиях в Сирии на стороне международных террористических организаций и причастных к деятельности религиозно-экстремистских организаций, занимающихся вербовкой рекрутов и пропагандой радикального ислама, все указанные лица переданы в ГКНБ КР.

Подводя итоги заседания, председатель Государственной пограничной службы полковник Уларбек Шаршеев обозначил позитивные сдвиги в проводимой ведомством работе, но при этом отметил отдельные недостатки и упущения. Полковник У.Шаршеев потребовал от командного состава ГПС КР усилить контроль над исполнительской дисциплиной и принимать жесткие меры в борьбе с коррупцией. Глава пограничного ведомства указал руководителям органов управления на повышение качества организации служебно-боевой деятельности и неукоснительное выполнение поставленных перед ними задач по качественной охране государственной границы.

Граница-пресс.

# ПАМЯТИ ГЕРОЯ-ПОГРАНИЧНИКА СЕРГЕЯ ПЕКУША ПОСВЯЩАЕТСЯ...

**Пока жива память о погибших, живы и мы. И эту память о наших товарищах, защищавших границы Отечества, не щадя своих жизней, мы должны сохранить и передать будущим поколениям. Это настолько важное дело – сохранить память, сохранить историю страны и ее народов. Это работа, за которую не дают награды или денежные премии. Это работа не каждому по плечу, делать ее могут только люди, беззаветно преданные военной службе.**





В пограничных войсках отношение к погибшим товарищам особое – святой долг для стража границы хранить память о героях, рассказывать о них молодежи.

В июле этого года в отделе пограничной службы "Муз-Тор" управления ГПС КР по Нарынской области кыргызские и российские пограничники открыли мемориальную доску в честь 91-ой годовщины со дня подвига пограничника Сергея Пекуша.

С идеей об установлении памятной доски выступили офицеры Оперативной пограничной группы ФСБ России в Кыргызстане и Совет ветеранов Государственной пограничной службы Кыргызской Республики.

Церемония увековечения памяти советского пограничника состоялась в расположении отдела пограничной службы "Муз-Тор" имени С. Пекуша.

В торжественном митинге приняли участие командование управления ГПС КР по Нарынской области, начальник ОПГ ФСБ России в Кыргызстане полковник Дмитрий Нечепуренко, председатель Совета ветеранов ГПС КР полковник в отставке Чолпонбек Буржуев, ветераны-пограничники, личный состав ОПС "Муз-Тор".

"Тот факт, что память о прославленных пограничниках чтут часовые границы Кыргызстана и России, говорит о преемственности ими боевых традиций поколения победителей. Общая память и общие традиции объединяют нас. Во многом благодаря этому пограничное сотрудничество Кыргызстана и России стало важным фактором безопасности всего Центрально-Азиатского региона. Сегодня практически каждая страна мира сталкивается с активизацией деятельности международных террористических, религиозных экстремистских организаций, попытками деструктивных элементов проникнуть через границы. И в этом противостоянии нам – России и Кыргызстану –помогают не только современные вооружение и техника, нам помогает общность исторических судеб, общие интересы и задачи. Сегодня, к примеру, мы вместе решаем вопросы повышения эффективности и качества охраны внешней границы ЕАЭС", — отметил полковник Д.Нечепуренко, выступая перед участниками церемонии открытия мемориальной доски.

Председатель Совета ветеранов ГПС КР полковник Ч. Буржуев в своем выступлении особое внимание обратил на важность соблюдения воинских ритуалов и пограничных традиций. "Каждый воинский ритуал – это исторически сложившаяся форма поведения военнослужащих при совершении воинских обрядов, церемоний. Все движения, произносимые фразы – все это наполнено особым смыслом. Также как и традиции, среди которых есть те, что были переданы через несколько поколений. Конечно, со временем появятся и новые традиции, связанные с новым временем. Мы – ветераны пограничной службы видим свою роль в том, чтобы сохранить преемственность традиций, сохранить память о наших товарищах и воспитать молодое поколение в духе любви к Родине. Пограничное боевое братство только тогда будет истинным, когда мы будем помнить свою историю, истории людей в погонах, давших нам возможность жить", - подчеркнул Ч.Буржуев.

Во время мероприятия ветераны вспомнили о том, как погиб легендарный пограничник. Годы борьбы с басмачеством были кровопролитными, многие воины сложили свои головы на полях боев. В мае 1927 года на нашу территорию с китайской стороны перешла крупная басмаческая банда курбаши Жаныбека численностью до 500 человек. Завязался бой. Пулеметчик Сергей Пекуш, поднявшись по склону горного хребта, открыл фланговый огонь по противнику. Бандиты были вынуждены ретироваться, а тринадцать пограничников, заняв перевал Кок-Бель, приготовились к отражению повторных попыток прорыва. Вечером, пользуясь темнотой, басмачи окружили красноармейцев. За двое суток мужественные бойцы во главе с начальником заставы отразили в общей сложности двадцать три атаки, после чего было принято решение отойти до подхода дополнительных сил. Отход товарищей прикрывал С. Пекуш. Установив пулемет прямо на тропе, он отразил шесть атак, приняв весь удар банды на себя, и, выполнив воинский долг до конца, пал в неравном бою смертью храбрых.

На месте гибели Сергея Пекуша установлен памятник, его имя носит одна из улиц областного центра. А отделу пограничной службы (в то время пограничной заставы) "Муз-Тор" войсковой части 2025 приказом министра обороны Кыргызской Республики 10 октября 1994 г. было присвоено имя Сергея Пекуша. В расположении отдела в память о герое-пограничнике организован уголок. Имя Сергея Пекуша навечно занесено в списки личного состава войсковой части.

Мемориальная доска с именем героя была установлена на стене служебного здания ОПС "Муз-Тор". После торжественного митинга ветераны пограничной службы встретились с личным составом и семьями пограничников отдела. Говорили о многом, но все время возвращались к тому, что необходимо рассказывать о героях даже маленьким детям, чтобы они с детства знали о них и росли в любви и уважении к летописи страны.

Памятная доска Сергею Пекушу, открытие классов "Юного пограничника", открытие памятника 16-ти пограничникам Ташрабатской (Нарынской) пограничной комендатуры – это маленькие шаги российских и кыргызстанских зеленых фуражек, но столь значимые для истории двух государств – Кыргызстана и России.

Г.Борубаева.

● УКУГУҢДУ БИЛИП АЛ!

# МЫЙЗАМДА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КҮТҮЛҮҮДӨ



**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Укук камсыздоо башкармалыгынын башчысы, юстициянын полковниги Эрлан Суеркулов аскер кызматкерлерине тиешелүү укук маселелери боюнча суроолорго жооп берет.**

**–Кыргыз Республикасынын аскер кызматкерлеринин (чек арачылардын) укугун коргой турган кандай мыйзамдары, укуктук нормативдик актылары бар?**

–Аскердик кызмат-жарандардын Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүмдөрүндө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарда жалпыга тиешелүү аскердик милдетин аткаруусу боюнча мамлекеттик кызматтын өзгөчө түрү. Аскер кызматын өтөп жаткан жаран аскер кызматкери болуп таанылат жана анын мыйзамда аныктагандай укуктук абалы болот. Аскер кызматкеринин статусу - бул мамлекет тарабынан кепилденген укук, эркиндиктери, милдеттери жана аскер кызматкеринин жоопкерчилигинин жыйындысы. Жарандар аскер кызматкеринин статусун аскер кызматына чакырылгандан баштап алышат жана аскер кызматынын бүтүшү менен жоготот.

Аскер кызматкерлерин социалдык коргоону мамлекет өзүнө алган.

Аскер кызматкерлеринин социалдык коргоо боюнча иш аракеттеринин негизги документи - Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинде Кыргыз Республикасы татыктуу жашоо-турмуш шартын түзүүгө жана инсанды эркин өстүрүүгө, жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүүгө багытталган социалдык программаларды иштеп чыгат деп көрсөтүлгөн. Демек, татыктуу жашоо шартын түзүү, адамдын эркин өнүгүүсү жалгыз эле жарандын жеке маселеси эмес-бул жогорку деңгээлдеги мамлекеттик саясат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери аскер кызматкерлеринин социалдык коргоосун камсыз кылуу багытында бир катар укуктук-нормативдик актылары иштеп чыгып кабыл алган.

Мисалга алсак, алар: «Аскер кызматкерлеринин статусу жөнүндө», «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө», «Аскер кызматкерлеринин жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө» жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдары. Бул мыйзамдарды ишке ашыруу үчүн бир нече мыйзам алдындагы актылар кабыл алынган. Анткени, тигил же бул максатка жетүү үчүн мыйзамды эле кабыл алуу жетиштүү эмес, мындай учурда белгилүү маселени чечүүгө укуктук негиз гана түзүлөт. Биз каалаган жыйынтыкка жетүүгө, анын ишке ашыруу механизми - жол - жобосу болушу абзел.

Азыркы учурда аскер кызматкерлерине көрсөтүлгөн социалдык камкордук башка жарандарга караганда бир кыйла артыкчылыкка ээ, аны аскер кызматкерлери баарыбыз эле билебиз, бул пенсиялык камсыздоо, аскер кызматкерлеринин ден соолугун жана өмүрүн камсыздандыруу, турак-жай менен камсыздоо жана башка төлөмдөр. Мындай өзгөчөлүктөр бир дагы башка мамлекеттик кызматкерлерге каралган эмес.

**–Акыркы учурларда кайсы Мыйзамдарга өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген?**

–Акыркы мезгилдеги мыйзам чыгаруу жаатындагы өзгөрүүлөрдү айта турган болсок, көп жаңылыктар бар. Негизи жашоо-турмуш бул токтобогон, тынымсыз өзгөрүп өнүгүп турган процесстерден турат эмеспи. Ошондой олуттуу процесстердин бири бул биздин өлкөдө жүргүзүлүп жаткан соттук-укуктук реформа. Бул реформа өзүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн, анын ичинде Чек ара кызматын четте калтырган жок. Аталган реформанын жүрүшүндө бир нече жаңы Кодекстер иштелип чыгып алардын бир нечеси 2019-жылдын 1-январынан баштап ишке кирүүнүн алдында турат. Булар Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык-Процесстик кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык-Аткаруу кодекси, Кыргыз Республикасынын "Жоруктар жөнүндөгү" кодекси, Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндөгү" кодекси. Бул Кодекстер ишке кириши менен азыркы күндө аракетеги кээ бир Кодекстер, анын ичинде «Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү» Кодекси өз күчүн жоготот.

«Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү» Кодекстин чек араны кайтарууга түздөн-түз тиешеси бар төрт беренеси бар: 1) 389-берене. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын режимин бузуу; 2) 389-1-берене. Чек ара зонасында жана чек ара тилкесенде чек ара режимин бузуу; 3) 389-2-беренеси. Кыргыз Республикасынын чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарындагы режимди бузуу; 4) 389-3-берене. Чек ара кызматынын аскер кызматкеринин талаптарына баш ийбөө.

Мазмуну боюнча «Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү» Кодекстин бир катар нормаларын өзүнө камтыган жаны ишке кирчү Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндөгү кодексинде чек араны кайтарууга түздөн-түз байланышкан бир эле берене көрсөтүлгөн-291-берене: Чек ара режимин бузуу. Башкача айтканда төрт берененин квалификациялык белгилери жөнөкөйлөштүрүлүп бир беренеге камтуу аракети болгон. Чек арадагы мындай категориядагы укук бузуулардын алдын алуу, жоопкерчиликке тартуу боюнча чек ара кызматынын юристтеринин өз көз карашы бар. Азыркы күндө аталган Кодекске тийешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш-аракеттер жүрүп жатат.

Кошумчалай кетчү маалымат, Кыргыз Республикасы боюнча электрондук бирдиктүү бузуулар реестри (ЕРН) түзүлөт, 2019-жылдын 1-январынан баштап анын бир түйүнү МЧК Борбордук аппаратында иштей баштайт. Бул Реестр өлкө боюнча бузуучулардын базасын түзөт жана салынган айып пулдардын өндүрүлүүсүн, анын ичинде мажбур түрүндөгүсүн көзөмөлдөөнү, аткарууну бир кыйла жөнөкөйлөштүрөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн реформанын алкагында оор кылмыштардан коомго чон коркунуч келтирбеген кылмыштарды бөлүп кароо максатында Жоруктар жөнүндө кодекси түзүлгөн. Майда укук бузууларды жасагандыгы үчүн адамды эркинен ажыратпастан, жазанын башка альтернативдик түрлөрү колдонулат. Алардын ичинде бөлүктү же кызмат өтөө ордун өз эркинче таштап кетүү, ооруну симуляция кылуу же денесине зыян келтирүү жолу менен аскердик кызматтын милдеттерин аткаруудан качуу, караолдук кызмат өтөө эрежелерин бузуу жана башка укук бузуулар бар.

Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик жаны кодексинин 503-беренесинин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй, аскер кызматкерлеринин жогоруда көрсөтүлгөн жоруктары жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш аскер бөлүктөрүнүн, бирикмелеринин жана аскердик мекемелердин, чек ара бөлүктөрүнүн ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан жүргүзүлөт.

Аскер кызматкерлеринин жоруктарынын сотко чейинки өндүрүшүн алып баруу жөнөкөй жумуш эмес, бул белгиленген тергөө аракеттерин жүргүзөт дегенди билдирет.

Азыркы күндө аскер кызматкерлеринин жоруктары боюнча сотко чейинки өндүрүштү алып барууну аскердик бөлүктөрдө окутуп үйрөтүү, практикалык жардам көрсөтүү иш чаралары тиешелүү мамлекеттик органдар менен бирге пландалууда. Мындай окутуу сабактары аталган Кодекстер ишке киргенге чейин, башкача айтканда, 2019-жылдын 1-январына чейин толук өткөрүлүп, жеткирилет.

Редакция бөлүмү.



# АРДАГЕР-ГЕНЕРАЛДАР ЧЕК АРАЧЫЛАР МЕНЕН ЖОЛУКТУ

**Июль айында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Талас облусу боюнча башкармалыгына "Согуштун, Куралдуу күчтөрүнүн, укук коргоо органдарынын жана ооруктун эмгекчилеринин республикалык ардагерлер кеңеши" коомдук бирикмесинин төрагасы генерал-полковник Мырзакан Субанов баштаган генералдар тобу келип кетишти.**



Чек арачыларга жолугушууга келген топтун курамында генерал полковник А. Чотбаев, генерал майор А. Кудайбердиев, генерал майор Т. Омуралиев, генерал майор М. Бекбоев, генерал майор Ж. Бошкоев, генерал майор Ш. Байзаков, генерал майор З. Рысалиев, полковник С. Молдалиев, полковник М.Бейшенов, полковник А.Береналиев болушту.

Ардагерлердин коомдук бирикмесинин мүчөлөрү Талас облусуна иш сапары менен барышып аймактагы эң башкы аскер бөлүгү болгон чек ара башкармалыгын өздүк курамы жана жетекчилиги менен жолугушууга келишкен.

Генералдар тобун чек ара башкармалыгынын башчысынын орун басары полковник Максат Смадилов тосуп алып, аскер бөлүктүн ишмердүүлүгү жөнүндө кенен маалымат берген соң бөлүктүн аймагын кыдырып чыгышты.

Андан ары ардагер-генералдар сапка тизилген аскер бөлүктүн өздүк курамы менен кенен баарлашты. Ар бир генерал өз сөзүндө аскер адамы болуу кандай кадырлуу, барктуу жана чоң жоопкерчилик экенин баса белгилеп жатышты. "Аскер адамы болуу анын арасында чек арачы болуу бул аскердеги эң сыймыктуу кесип, силердин колуңарда өлкөнүн коопсуздугу керек болсо тагдыры турат. Бүгүн күндө мамлекет үчүн чек ара маселеси алдыңкы орунда турат, коом дагы чек арачыларды колдоп турат. Азыр силер менен баарлашып жатып, ар бириңер өз кызматыңарга берилгендик менен мамиле кылып, мекен үчүн кан урун кызмат өтөп жатканыңар мени кубантты",- деп билдирди генерал-полковник М. Субанов.

Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүндө жетекчилик кылып, кылмыштуулук, мыйзам бузуучулук менен күрөшүүдө жана Кыргызстандын бүтүндүгүн сактоодо зор эмгектери менен даңазаланган, азыркы күндө дагы Кыргызстандын өнүгөсүү үчүн жигердүү салым кошуп жаткан атактуу генералдардын келиши чек арачылар үчүн чоң кубаныч экенин билдирген полковник Максат Смадилов: "Улуу полководец Суворов айткандай "Ар бир катардагы жоокер генерал болууну каалабаса, анда жоокер эмес" биз дагы сиздер кылган кызматты кылып, сиздер жеткен бийиктикке жетсек деп самайбыз, сиздердин кылган кызматыңыздар бизге дайым үлгү. Ал эми бүгүнкү жолугушуубуз бизге өзгөчө дем болуп жатат",- деп ыраазычылыгын билдирди.

Жолугушуунун аягында генерал-полковник Мырзакан Субанов 2029 аскер бөлүгүнүн байланыш түйүнүнүн радиотелефонисти улук сержант Гүлнара Ашыралиевага коомдук бирикмесинин Ардак грамотасын, коменданттык взводдун аткычы катардагы жоокер С. Жаныбековго баалуу белек тапшырды.

С. Абдыкариева.

# 2065 АСКЕР БӨЛҮГҮНҮН ТҮЗҮЛГӨНҮНӨ 15 ЖЫЛ



**2017-жылдын 17-июлунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын "Ош" борбордук бириктирилген базасы өз алдынча аскер бөлүгү болуп куралгандыгынын 15 жылдыгын белгиледи.**

Салтанаттуу аземге аскер бөлүктүн жетекчилигин жана өздүк курамды куттуктоо максатында чек арачы ардагерлер менен Россиянын Федералдык коопсуздук кызматынын Кыргызстандагы ыкчам чек ара тобунун офицерлери келишти.

Майрамдык иш-чараны салтанаттуу ачкан аскер бөлүктүн башчысынын орун басары подполковник Кылычбек Исраилов бардык өздүк курамды куттуктап мыкты кызмат кылган, жүрүш-турушу үлгүлүү болгон бир топ кызматкерлерге сыйлыктарды тапшырышты. Атайын аскер бөлүктүн күнүнө карата Мамлекеттик чек ара кызматынын төрагасынын буйругуна ылайык *I-II-даражадагы "Мыкты чек арачы"* төш белгилери менен **капитан Айбек Исираилов, улук сержант Каныкей Султанова, прапорщик Канымжан Жуматаева** сыйланышты. Ал эми *"Мыкты чек ара кызматчысы"* төш белгиси катардагы жоокер **Мыктыбек уулу Жаныбек** менен **Дамир Акбаров** сыйланышты. Ошондой эле **кенже сержант Баатырбек уулу Шекербек** менен **жарандык кызматкер Турсун Хайдаровго** *"Ыраазычылык"* жарыяланып, *"Алкыш барагы"* прапорщик **Нурбек Медербеков** жана **ефрейтор Улукбек Ташпулатовго** ыйгарылды.

Андан сырткары 2065 аскер бөлүгүнүн башчысынын буйругу менен ага сержант Кызжибек Абдыкалык кызы, Гүлшайыр Абдимиталип кызы, ага прапорщик Бактыбек Таналдиев, прапорщик Замира Кожоева сыйланышты. Ал эми катардагы жоокер Жоомарт уулу Жолболдуга мөөнөтүнөн мурда аскердик "ефрейтор" наамы ыйгарылды.

Ал эми Россиянын Федералдык коопсуздук кызматынын Кыргызстандагы ыкчам чек ара тобунун өкүлү полковник С. Буйнов аскер бөлүктүн өздүк майрамын куттуктоо менен бирге 2065 аскер бөлүгүнүн башчысынын орун басары **подполковник Замирбек Жаныбеков** менен **прапорщик Жахангир Валиевге** *"25 лет Оперативной пограничной группе ФСБ России в КР"* юбилейлик медалын, **капитан Абдукалил Зулпиев** жана **прапорщик Уларбек Кармышаковго** *III-даражадагы "Мыкты чек арачы"* жана дагы төрт аскер кызматкерине *"Алкыш баракчасы"* сыйлыктарын тапшырды.



2065 аскер бөлүгү Мамлекеттик чек ара кызматынын түштүк регионунда жайгашкан аскер бөлүктөрдү жана бирикмелерди азык-түлүк, буюм-тайым, күйүүчү-майлоочу тексат каражаттары, инженердик жана башка материалдык-техникалык каражаттар менен камсыз кылып келет. Андан сырткары 2007-жылдан бери кийим тигүү жана оңдоо устаканасы иштеп, учурда аскердик талаа кийимдери, күнүмдүк форма кийимдерин тигүү менен эле чектелбестен, жоокерлердин жатаканасы үчүн матрацтар, жаздыктар жана шейшептер дагы даярдалууда.

Аскер бөлүктүн орун басары подполковник Исраилов өз сөзүндө: "Бул жерде кызмат өтөгөн аскер кызматкерлер өз кызматына жоопкерчилик менен кызмат өтөшөт, анткени бул аскер бөлүктө материалдык каражаттарга жоопкерчилик көп. Андан сырткары бул каражаттарды аскер бөлүктөргө эч кандай кырсыксыз жеткирип берүү да биздин аскер бөлүктүн аскер кызматкерлеринин мойнуна жүктөлгөн. Ошону менен бирге 2065 аскер бөлүгүнүн өздүк курамы тартипти сактоо, өздүк курамдын алдына коюлган тапшырмаларды өз учурунда так аткарып, кызматтарына жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу башкы талап", - деп билдирди.

С. Абдыкариева.

● Сыйлык-сыймык.

# Жанабилдин жеңиши – келечектин алтын ачкычы



**КР МЧК 2024 аскер бөлүгүнүн ыкчам ишмердик бөлүмүнүн жашыруун бөлүгүнүн башчысы Жаркын Раманкулованын уулу Жанабил Анарбаев 2018-жылдын 22-23-июнь күндөрү Дубайда өткөн Менталдык арифметика боюнча Бүткүл дүйнөлүк GAMA ассоциациясы уюштурган Эл аралык олимпиадада биринчи орунга ээ болгон.**

КР МЧК 2024 аскер бөлүгүнүн ыкчам ишмердик бөлүмүнүн жашыруун бөлүгүнүн башчысы прапорщик Жаркын Раманкулованын учурда кубанычына чек жок болуп турган чагы. Дегенибиз, тун уулу Жанабил Бүткүл Дүйнөлүк олимпиададан биринчи орунду алып келип, намысы колуна тийип олтурат. Ушул күнү көптөн-көп күткөн. Бул ийгилик уулунун мындай деңгээлдеги алгачкы ийгилиги. Демек, жакшы, жарык күндөр, сыймыктуу көз ирмемдер дагы алдыда көп болот деп ишенет Жаркын.

"Менин ата-энем өмүр бою педагогдук кесипте эмгектенип келишкендиктен балдарга билим берүүнү эң биринчи планга коюшчу. Ошондуктан, бир туугандарымдын бардыгын жогорку билимге ээ кылышты. Мен өзүм Ош Технологиялык Университетинин Эл аралык мамилелер факультетин аяктагам. Тагдырдын буйругу экен, аскер кызматкерине турмушка чыктым, Исматилла экөөбүз 2004-жылы баш коштук. Ал учурда жолдошум 2023 аскер бөлүгүнүн "Факел" чек ара заставасынын башчысы болуп кызмат өтөчү. Мен үчүн аскер кызматы, аскер кызматкерлери, алардын жашоо-турмушун көрүү бала кезимдеги кыялдарымдын бири эле. Жолдошум кайда кызмат өтөсө кошо жүрүп, экөөбүз туптуура сегиз жыл түтүн булатыптырбыз. Ошол сегиз жыл аралыгында жолдошум менен эң бактылуу жашоо кечирдик. Ал арада үч балалуу болдук. Жамандык айтып келбейт экен, жаратканыбыз бешенебизге эмнени жазса пендеси ошону көрөт тура. 2012-жылы шум ажал күтүүсүздөн жолдошумду алып кетти. Үч балам менен чырылдап олтуруп калдым. Жолдошум чек ара кызматынын подполковниги Анарбаев Исматилланын автокырсыктан мезгилсиз каза болуусу менин жашоомдогу өтө оор мезгил болду. Себеби, ал менин колдоочум, коргоочум, кеңешчим, эң негизгиси, балдарымдын боорукер жана камкор атасы эле. Анын келечекке койгон ой-максаттары абдан көп болчу. Балдарым атанын мээриминен эрте айрылып калышты, улуу уулубуз 7, кызыбыз 6 жана кенже уулубуз 2 жашында атадан калышты. Бирок, жамандыкты амандык жеңет демекчи, тирүү пенденин жашоосу улана берет экен. Балдарым үчүн, алардын келечеги жана атасы койгон ой-максаттарды ишке ашыруу үчүн чыйралдым. Убакыт учкан куш деген сыяктуу, быйыл тун уулубуз Жанабил 6-классты, кызыбыз Акмарал 5-классты ал эми кенжебиз Бийбарс 1-классты аякташты. Балдарыма эшикте ата, үйдө эне болуп, алардын келечеги үчүн кам көрүп, болгон күч аракетимди жумшап, тарбия берүүгө аракет кылып келем. Өзүмдүн кесибим педагог болгондуктан жумуштан кийин балдарым менен көп баарлашканга, алардын кызыктырган суроолоруна жооп бергенге аракет жасайм. Себеби, бала тарбиялоодо, алардын ойлору менен бөлүшүү, келечекке койгон максаттарын угуп аларды орундатууга көмөк көрсөтүү өтө маанилүү деп эсептейм.

Өзүм КР МЧК 2012-жылдан бери кызмат өтөп келем. Алгач, 2024 аскер бөлүгүнүн штабынын жашыруун бөлүгүнүн иш жүргүзүүчүсү болсом, 2013-жылдын 31-майынан ушул күнгө чейин 2024 аскер бөлүгүнүн ыкчам ишмердик бөлүмүнүн жашыруун бөлүгүнүн башчысы кызмат ордунда кызмат өтөйм.

Учурда уулубуз Жанабил 13 жашта, быйыл 6-классты аяктады. Жанабил кичинекей кезинен тартып эле математикага жакын экенин байкап жүрчүмүн. Бала бакчада, андан соң мектепте да математика сабагын өзгөчө кызыгуу менен окуду. Ушул жылдын январь айынан тартып мектептен кийинки убактысында Ош шаарындагы "Академия роста" окуу борборунун менталдык арифметика сабагына катышып билим алды.

Менталдык арифметикадан сабак берген мугалими Мираида Могутова эжекеси жыл башынан бери даярдап келди. Даярдыгы мыкты болгондуктан үстүбүздөгү жылдын 22-23-июнь күндөрү Дубайда Менталдык арифметика боюнча Бүткүл дүйнөлүк GAMA ассоциациясы уюштурган эл аралык олимпиадада 1-орунга ээ болуп, сертификат, кубок, жана медаль менен сыйланды. Албетте, мен үчүн, дегеле биздин чек арачылар үчүн чоң сыймык болду. Мындан ары да менталдык арифметика боюнча билимин тереңдетип улантып жатат. Уулумдун бул жеңиши келечектеги чоң-чоң жеңиштеринин алтын ачкычы болсун деп тилейм. Анын мындан ары да билим алуусуна, койгон максаттарына жетүүсүнө бардык шарттарды түзүүгө даярмын. Менин өзүмдүн жана балдарымдын келечекке койгон максаттарыбыз чоң. Кудай буюрса, балдарым ден-соолукта болсо, кыргызыбыздын келечегине жараган, элибиз сыймыктанган уулкыздардан болсо деп тилейм. Кызым Акмарал да агасынан кем калбайт, чет тилдерин окуп үйрөнүүгө жана сүрөт тартууга кызыгат. Кенже уулум Бийбарс агасы менен бирге менталдык арифметика боюнча билим алып жатат. Буюрса, балдарымдан үмүтүм чоң" -дейт Жаркын.

А. Ажиев.

# ЧЕК АРАДАГЫ КӨЧ УЛАНА БЕРМЕКЧИ...

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын 2030 аскер бөлүгүнүн "Чаткал" чек ара заставасынын башчысы, чек ара кызматынын капитаны Кайратбек Талантбеков 2013-жылдан бери чек ара кызматында кызмат өтөп келет.**





Бала кезинде оюнчук тапанчаны колуна алып, "согуш" ойноп, жоокер болууну эңсебеген бала жок чыгаар. Анын сыңары, Кайратбек да кичинесинен аскер адамы болууну алдына максат кылып, көксөп жүрүп чоңойду. Абасы салкын, көлү тунук, ысык суулары дары, жер-жемиши төгүлүп чачылган Ысык-Көлдүн өзү туулуп өскөн Жылуу-Булак айылынан бир кезде карыш жылгысы келбесе да эр жетип, окууну аяктаган соң ойлогон максатына жетүү үчүн 2009-жылдын аптаптуу жай айында Бишкек шаарындагы Жогорку аскердик окуу жайына аттанган. Балким, анын мындай чечим кабыл алышына ата-энесинин мугалимдик кесипте эмгектенгени, атасы Талантбектин тарых сабагы жана дене тарбиядан сабак бергени, анын кыргыз элин тышкы душмандардан коргогон баатырлары жөнүндө баяндары, Улуу Ата Мекендик согуштун тарых барактарынан айтып берген кызыктуу сабактары, атасынын жетегиндеги дене тарбия жана спорттук машыгуулары, анан да үй-бүлөдөгү катуу тартип түрткү болгондой.

Кайратбек аскердик окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, 2013-жылдын август айынан тартып Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын 2028 аскер бөлүгүнүн "Карасай" чек ара кызмат бөлүмүнүн 3-чалгындоо издөө тобунун башчысынын орун басары болуп кызмат кылуу менен аскердик эмгек жолун баштаган. 2014-2016-жылдары ошол эле отрядтын "Бөрү" атайын даярдалган отрядынын 2-тобунун командири кызмат ордунда кызмат өтөйт. Ишине так, тырышчаак, кужурмөн даярдыгы мыкты жаш офицер 2016-жылдын январь айынан тартып 2028 аскер бөлүгүнүн "Каркыра" чек ара кызмат бөлүмүнүн кужурмөн даярдык жана тарбия иштери боюнча орун басары кызмат ордуна дайындалат. Ал эми ошол эле жылдын июль айынан 2017-жылдын май айына чейин 2030 аскер бөлүгүнүн "Дейрес" чек ара заставасынын башчысы кызмат ордунда кызмат кылат. Бул жылдар Кайраттын аскердик кызматында өтө чоң тажрыйба, аскер адамына тиешелүү мыкты сапаттарды топтогон жылдар болгон.

Учурда Кайрат Талантбеков 2030 аскер бөлүгүнүн "Чаткал" чек ара заставасынын башчысы кызмат ордунда кызмат өтөп келүүдө. Чек ара заставаларынын өзгөчөлүгү бул чек ара заставасында кызмат кылган аскер кыматкерлеринин бардыгын офицер, прапоршик, сержанттар түзгөндүгү. "Чаткал" чек ара заставасы Өзбекстан Республикасы менен болгон мамлекеттик чек аранын 215 чакырымдан ашык мамлекеттик чек арасын кайтарат.

Эң алыскы деп эсептелген "Чаткал" чек ара заставасынын башчысы Чаткал жергеси, андагы кызматтын күнгөй-тескейине мындайча токтолду:

– Чаткалда кызмат кылуу мага абдан жакты. Ар бир жердин өзүнүн өзгөчөлүгү бар демекчи, Чаткалда да көптөгөн өзүнө гана тиешелүү болгон керемет, сыймыктанчу кооз жерлери көп. Район, негизинен, тоолуу жерде жайгашкандыктан абасы таза, суусу тунук. Алыскы дегенибиз менен заставада мамлекеттик чек ара кызматынын жетекчилиги тарабынан жакшы шарттар түзүлгөн, кызмат өтөө шарттары жаман эмес. Алсак, акыркы жылдары "Чаткал" заставасындагы офицерлер үйүнүн шарты жакшыртылып, жоокерлер жатаканасынын жылуулук системасы толугу менен оңдотулуп берилди. Ушу сыяктуу жаңылануулар бар.

Албетте, ар бир кызматтын күнгөй-тескейи болот демекчи, кызматыбызда кыйынчылыктар жок деп айтууга да болбойт. "Чаткал" чек ара заставасында кызмат кылуу оңой эмес экени бардыгына белгилүү, дегеним, Чаткалда кыш мезгили узак келип, 6 ай бою созулат. Ошол мезгилде жолдорго бат-баттан кар көчкүлөр түшүп турат. Көчкү түшкөндө жол жабылып жеке эле чек арачылар эмес, жалпы эле айыл тургундарына коркунуч алып келет. Кар калың жааганда бийиктиги 2 метрге жетет. Ала-Бука району менен Чаткал районун байланыштырган жолдун абалы өтө эле кыйын болгондуктан, мындай учурда өмүрүн тобокелге салуу көнүмүш адатка айланат. Бул маселени айтканымдын себеби, аскер кызматкерлерин өргүүгө же иш сапарына жөнөткөн учурда мындай жагдай бир топ кооптонууну жаратат.

Мындан сырткары, "Чаткал" чек ара заставадан жылдын май айынан тартып ноябрь айына чейин "Найза-Сай" убактылуу чек ара посту коюлат. Бул пост чек ара заставасынан 120 чакырым алыс жерде жайгашкан. Чек ара постунун өздүк курамы ай сайын алмаштырылып тургандыктан алмашуу учурунда чек ара постуна жетүү үчүн бийик-бийик ашуулардан ашып, күндүн ысыгында кызматтык аттар менен жол жүрүүгө туура келет. Жол жүрүү учурунда катаал жерлерден аттарды жетелеп, жөө басып, кыйынчылык менен өтчү жерлер да аз эмес. Ошентип олтуруп, эки күндө араң чек ара посту жайгашкан жерге жетип барабыз. Өздүк курамды алмаштырууну уюштуруп кайра чек ара заставасына келгенче бир апта убакыт өтөт. – дейт Кайрат.

Жогоруда белгилеп кеткендей, чек ара заставасында жалаң гана келишимдик негизде кызмат өтөгөн аскер кызматкерлери болгондуктан алар менен иш алып баруудa жетекчилик тарабынан келген буйруктарга ылайык кужурмөн даярдык жана тарбия иштерин уюштууру туура жолго коюлган. Негизги максат-мамлекеттик чек араны кайтаруу, ошондуктан, өздүк курамдын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн жогорулатып, оор кырдаалдарда ар кандай кутүүсүздөн пайда болгон окуяларды билгичтик менен ийгиликтүү чече билүүгө жана моралдык–психологиялык, дене тарбия даярдыгын жакшыртууга багытталган иштер алынып барылат. Чек ара заставасында атайын пландын негизинде өздүк курамды патриоттуулукка тарбиялоо боюнча сабактар уюштурулуп, ошону менен гана чектелип калбастан Улуу Ата Мекендик согуштагы чоң аталардын мекен үчүн жанын аябай көрсөткөн эрдиктери боюнча тегерек үстөл жана лекторийлер өткөрүлүп, патриоттук тасмалар көрсөтүлүп турат.



Чек арада, дегеле аскер кызматында кызмат өтөө адамды көптөгөн мыкты сапаттарга тарбиялайт. Аскер кызматында шалаакылыкка, жалкоолукка, адепсиздикке жол берилбейт. Ал эми жетекчинин мыкты адамдык сапаттардын ээси болуусу иштин алдыга жылышына, кызматтын так аткарылышына өбөлгө түзөт.

– Чек ара кызматында кызмат өтөө мени ар түрдүү адамдар менен ар кандай учурларда тил табышып мамиле түзүүгө, тактыкка, сактыкка, чечкиндүүлүккө, эң негизгиси, мамлекеттин бүтүндүгү жана тынчтыгы ар бир кыргыз атуулунун эң негизги милдети экендигин түшүнө билүүгө, күн-түн дебей, ысык суукка карабай өз милдетимди так аткарып Ата Мениме кызмат кылууга тарбиялады. Белгилей кетким келген нерсе, адам баласына тиешелүү бир топ жакшы сапаттарды мен чек арада кызмат өтөө учурунда кабыл алдым десем жаңылышпайм. Чек арачынын жашоосунда кызыктуу жана эсте калаарлык окуялар көп болот эмеспи, андай учурлар абдан көп. Бирок, менин эсимде калганы, "Дейрес" чек ара заставасынан "Чаткал" чек ара заставасына которулуп кетип жатканда жоокерлер "сиз менен биз дагы чогуу которулуп кызмат өтөйлүчү" деп суранышканы болду. Ошол учурда мен өзгөчө толкундандым. Алардын мага мындай ишеним арткандары мен үчүн кызмат өтөөдө алган сыйлыктарымдын эң чоң сыйлыгы болду. –дейт сыймыктана Кайратбек.



**Кайратбек 4 бир тууган, учурда үй-бүлөлүү, кызы Айчырай бир жарым жашта, келинчеги Фатима "оорун колдон, жеңилин жерден алган" түшүнүктүү жар. Агасынын жолун жолдоп учурда бир тууган иниси да Бишкектеги Жогорку аскер институтунун 3-курсунда билим алууда. Кайратбек инисинин да антка бек турган аскер кызматкери болоорууна, ал окуусун аяктаган күнү бир тууган агасы катары гана эмес Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын офицери катары ага акыл насаатын айтып, колун бекем кысаарын эстеп бир сыймыкка бөлөнүп алат... Ошентип, өмүр көчү уланат. Өмүрүн чек арага арнаган Кайратбектин чек арадагы көчү дагы улана бермекчи...**

К.Эсеналиева.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ардагерлер кеңешинин төрагасы Чолпонбек БУРЖУЕВ:

# “АРДАГЕРЛЕРДИН ЭҢ БАШКЫ МАСЕЛЕСИ-ТУРАК ЖАЙ”

**– Чолпонбек Зарлыкович, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ардагерлер кенешин жетектегенинизге аз эле убакыт болуптур, ишти эмнеден баштадыңыз?**

– Ооба, иштегениме аз эле убакыт, тактап айтсам 7 ай болду, ошол убакыттын ичинде ишти облустарда чек арачылардын Ардагерлер кенештерин түзүүдөн баштадык. Буга чейин республика боюнча Ош, Ысык-Көл жана Нарын облустарында гана чек арачылардын Ардагерлер уюмдары бар болчу. Мен эң оболу, ишти аталган уюмдар жок Баткен, Жалал-Абад, Талас облустарында чек арачылардын облустук Ардагерлер уюмун уюштуруудан баштап, учурда 6 облуста чек арачылардын Ардагерлер уюму иш жүргүзүүдө десек болот. Ал эми Чүй облусу болсо Бишкек шаарындагы Борбордук аппараттын Ардагерлер кеңешине түташ болуп турушат.

Экинчи белгилей кете турган нерсе, Мамлекеттик чек ара кызматынын Ардагерлер кеңешинин Жобосуна толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизип бир сыйра карап чыктык. Буюрса, жакында чоң жыйын өткөрүп ушул күнү ардагерлер менен акыркы талкууга алып, өзгөртүүлөрдү киргизип, толуктап алган соң жаңы Жобону бекитип, аны жетекчиликке алып иштей баштайбыз.

Ардагерлер кеңешинин дагы бир башкы милдеттеринин бири өсүп келаткан жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо болуп саналат. Мына ушул иш боюнча жыл башынан бери бир катар иш-чараларды өткөрдүк. Бул иш чараларда ардагерлердин жаштар, мектеп окуучулары жана чек арачы жоокерлер менен жолугушуусу, алардын аскердик ант берүүгө активдүү катышуусу, аларга карылык, ак сакалдык адеп сөздөрүн айтуусу, жаштарды Ата Мекенин сүйүүгө, сергек жашоо мүнөзүнө, жаш жоокерлерди кызмат өтөөгө шыктандырды десек болот. Ушундай эле жолугушуулардан, жалпысынан 91 иш чара өткөрүлүп, алардын ичинен 40 тан ашык иш чара заставаларда ардагерлер менен жолугушуулар, андан сырткары 51 мектеп окуучулары менен жолугушуулар болуп өттү. Бул жолугушуулардын негизги максаты-мекенди сүйүү, тарыхты билүү, аксакалдарды урматтоо, улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы урмат-сыйдын маанисин жеткирүү болду. Ошондой эле 9-май-Жеңиш күнүндө Улуу Ата мекендик согуштун ардагерлерине көңүл бөлүп, “Өлбөс полктун” акциясынын жүрүшүнө активдүү катышып, натыйжада, жаштарды патриоттук духта тарбиялоого кошкон зор салымыбыз үчүн уюмубуз Бишкек шаардык кенешинин ыраазылык каты, ал эми ардак грамота менен үч ардагерибиз сыйланды. Мындан сырткары, эң чоң иш чаралардын бири бул КР Мамлекеттик чек ара кызматына 19 жыл жана чек ара кайтарууга 100 жыл болгондугуна байланыштуу 17-майда Бишкек шаарында жана облустук борборлордо республика боюнча мектеп окуучуларынын арасында “Саптык даярдык “ жана “Саптык ыр” деген кароо-сынак өткөрдүк. Бул кароо-сынак абдан жакшы маанайда өттү, иш чараны өткөрүүдө бизди Мамлекеттик чек ара кызматынын жетекчилери абдан жакшы колдоп, Кыргыз Республикасынын топтомо пенсиялык фондунун төрагасы, ардагер чек арачы, запастагы полковник С.Арстанбеков материалдык-финансылык жагынан жардам берди. Бул иш чара республика боюнча гана эмес КМШ өлкөлөрү боюнча чоң резонанс жаратып, коомчулук абдан жылуу маанайда, толкундоо менен кабыл алды. Көрсө, мындай иш чараны КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биз биринчи болуп өткөрүптүрбүз. Май айында Чек ара кайтарууга 100 жыл болгондугуна карата Москва шаарына чакыруу келип Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын төрагасы менен ардагер катары мен да барып келдим. Ал жактан биз “Шериктеш элдердин тарыхый эстелигин сактоо жана жаштарды КМШ өлкөлөрүнүн чек арачыларынын күжүрмөн салтынын духунда аскердик патриоттук тарбиялоо” аттуу кароо-сынакта активдүү катышкандыгыбыз, ардагер чек арачылардын ишин мыкты уюштурууга кошкон зор салымыбыз үчүн сыйлыкка татыдык. Мен Москвага барган кезде Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан өлкөлөрүнүн чек арачыларынын Ардагерлер кеңештери менен мамиле түзүп, бирдикте иш алып баруу боюнча сүйлөшүп, иш аракетерибиз чогуу болуп, бири-бирибизге жардамыбызды берели деп сүйлөштүк.



**– Жакшы иштериңиз бар экен. Эми, Мамлекеттик чек ара кызматынын Ардагерлер кеңешиин Жобосуна токтоло кетсеңиз, кандай өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилди?**

– Мен мурунку Жобо эскирип калды деп айта албайм. Бул Жобо оз учуруна жараша жакшы кабыл алынган. Бүгүнкү күндө кырдаал өзгөрдү, ошол түзүлгөн Жобо менен иштеп келген Ардагерлер кеңеши учур талабына ылайык эмнени толукташ керек, кандай өзгөртүүлөрдү киргизиш керек, себеби, ушул жылдары биз өзүбүздүн жетишкендиктерди, кемчиликтерди көрдүк, ошолордун бардыгын анализдеп туруп анан Жобону кайрадан иштеп чыгууну туура көрдүк. Негизги максат - Жобону жакшыртып, андагы чек ара кызматынын Ардагерлер Кеңешинин төрагасынын милдетин, кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттерин так аныктап, ошол эле учурда облустук Ардагерлер кеңештеринин Борбордук уюмдун алдында отчеттуулугун киргизип, чаржайыт иштебей бир системага киргизип, бир максатта, бир багытта иш алып барууну уюштуруу болду. Ардагер чек арачылардын укуктарын коргоо, аларга жардам берүү, ошол эле мезгилде башка уюмдар менен кош аракеттерди кылуу, бирдикте иш алып баруу боюнча өзгөтүүлөр, толуктоолор киргизилди. Бул аракеттердин бардыгы эле ишти алдыга жылдыруу боюнча жасалып жатат. Жаңы Жобону добушка коюп, бекитип алып, анан ишти улантабыз деген ойдобуз.

**– Бүгүнкү күндө ардагер чек арачылардын эң көйгөйлүү маселелери кайсылар, алар сизге кандай суроо-талаптар менен кайрылып жатышат, көйгөйлүү маселени чечүү боюнча кандай иш-аракеттер көрүлүүдө?**

–Ардагерлердин эң башкы көйгөйү-турак жай маселеси. Эгемендүүлүктү алган жылдардан бери көп жылдар бою аскер кызматкерлери, чек арачылар үчүн турак жай курулбай келген. Учурда Каракол, Ош, Нарын шаарларындагы чек ара аскер бөлүктөрүндөгү аскер шаарчаларында жалаң ардагерлер жашайт. Аларды аскер шаарчасынан сырткары жерден турак жай менен камсыз кылууга же жаңы, аскер шаарчасынан сырткары жерден турак жай куруп берүүгө мамлекеттин мүмкүнчүлүгү жок. Ал эми учурдагы кызмат өтөп жаткан чек арачылар, жаш, жаңы келген офицерлер турак жайдын жетишсиздигинен аскер шаарчасынан сырткары жерден батирге чыгып жашаганга мажбур болушууда. Бул, албетте, алардын күжүрмөн даярдыгына терс таасирин тийгизбей койбойт. Көп жылдардан бери биздин мамлекетте аскер адамдарына көңүл бөлүнбөй келген. Бул көйгөй 25 жылдан бери чоң дарак болуп өсүп кеткен. Биз бул көйгөйдү чечүүдөн качпашыбыз керек. Муну кандай кылып чечишибиз керек? Биринчиден, мамлекет аскер адамдарына үй куруу үчүн каржыны көбөйтүшү керек. Жок дегенде үй курганга жер тилкелерин бериш керек. Мүмкүнчүлүк болсо, жаш офицерлерге ипотека берүү абзел. Бул нерсени ишке ашыруу үчүн каражат керек. Бул маселеге комплекстүү мамиле кылып, сөзсүз чечишибиз зарыл. Мына, эгемендүүлүк жылдарында таптакыр курулбай келип акыркы 3-4 жылда эле үйлөр курула баштады. Муну бардык ардагерлер өтө оор кабыл алып атат, себеби бардыгына эле турак жай керек, курулганы жетпей жатат. Бул жаатта ардагерлерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Жылыш бар, эми буюрган күнү үйлүү болуп да калаарбыз деп. Бул маселеге туура түшүнүп, өтө сабырдуулук менен мамиле кылуу керек. Аны ишке ашыруу үчүн мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алынуусу зарыл. Экономикабыздын абалын көрүп туруп эч нерсе айта албайбыз. Бирок, бул маселени чечүүдө жылыштар бар экендигин белгилей кетели.

Экинчиден, учурда ардагер чек арачылардын көпчүлүгү көп жылдар бою чек арада, катаал шарттарда, бийик тоолуу жерлерде кызмат өтөшүп ден соолугунан ажыраган адамдар. Булардын көпчүлүгү азыр борборго келип, же башка жерлерде ден соолугуна кам көрүүгө муктаж. Аларга медициналык колдоо көрсөтүү жагы биздин мыйзамдарда так каралган эмес. Чек арачылардын өзүнчө госпиталы да жок. Ошондой болгон күндө да биздин мамлекеттик чек ара кызматынын бейтапканасынын жетекчилиги көңүл кош мамиле кылбай, ардагерлерге колдон келген жардамдарын көрсөтүп келүүдө.

Менин дагы бир баса белгилей кетчү оюм, биздин чек ара кызматынын ардагерлерин башка күч органдарынын ардагерлерине теңебеш керек. Себеби биздин чек арачылардын көпчүлүгү катаал шарттуу, бийик тоолуу жерлерде кызмат кылып жүрүшүп пенсияга чыгышат. Мындан сырткары, биз чек арачыларга көңүл бөлдүк дегенибиз менен алардын үй-бүлөсүнө көңүл бөлбөй атабыз, себеби, чек арачынын кынтыксыз кызмат өтөөсүнө аялынын, балдарынын да салымы зор. Мен анализдеп көрсөм, жолдошу менен тоо-ташта жүрүп аялдардын көпчүлүгү эле жолдошундай эле оорулуу болуп калат экен. Аялдардын көпчүлүгү таптакыр эле иштебей да калышат, алган билимдерин пайдаланганга мүмкүнчүлүктөрү болбойт, анан жолдошу пенсияга чыкканда иштейин десе “сен өмүр бою эч жерде иштебептирсиң” деп жумушка алышпайт. Ошондуктан, чек арачылардын аялдарына тиешелүү дагы бир чечим кабыл алынышы керек деп ойлойм. Себеби, чек арачынын кынтыксыз кызмат өтөөсүнө үй-бүлөсүнүн салымы зор. Айтор, айтып олтурсак көйгөй көп.

**– Өзүңүзгө белгилүү болгондой акыркы кездерде коомчулукта чоң резонанс жараткан маселе, бийик тоолуу жерде кызмат өтөп жүрүп эс алууга чыккан ардагерлердин ал жерден көчүп кеткенден кийин пенсиясын кыскартуу, кайра төлөтүү, сот жообуна тартуу маселелери кандай чечилип жатат? Сиздер тараптан кандай чаралар көрүлүүдө...**

– Бүгүнкү күндө биздин пенсиялык камсыздоо боюнча мыйзамыбыз чийкирээк болуп жатат. Алсак, Нарындан пенсияга чыккан ардагерлерибиз Бишкекке келип жашап иштесе, аларга каршы кылмыш иши козголууда, мыйзам боюнча алып караганда же жалпак тил менен айтканда, ал ошол пенсияга чыккан жеринде каттоодо болуп, ошол жерден жылбай жашашы керек экен. Бирок, адам укугу жагынан алып караганда ал мыйзам ардагердин укугун бузуп жатат да. Пенсияга чыккандан кийин ал ардагер кайда барып жашаса өз эрки, ал ошол четкеген пенсиясын иштеп тапты, ал башка жакка көчүп барса же ары бери жүрүп оокатын кылып жатса пенсиясын кыскартып коюп жатпайбы. Албетте, пенсияга чыгып жаткан учурда аскер кызматкеринин ошол тоолуу, катаал шартта канча жыл кызмат өтөгөнү каралышы керек. Пенсияга чыгарда эле тоолуу жерге барып каттоого тура калса да болбойт. Бул боюнча мыйзам чегинде соттошуп жаткандар бар. Анан, мындайда көп жыл катаал, тоолуу шартта кызмат өтөгөн кызматкерлер жеңил-желпи пенсияга чыгууну каалагандардын айынан жабыр тартып калып жатышат. Учурда Жогорку Кеңештин депутаттарынын демилгеси менен аскер кызматкерлерин пенсиялык камсыз кылуу боюнча мыйзамга өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү аракети көрүлүп жатат. Бул маселе интернетте кызуу талкуу жаратып жатат. Эми мунун жыйынтыгын күтөбүз. Мен ошол демилгеленип жаткан мыйзамга толтуу жерде кызмат өтөгөн аскер адамдарынын аялдарынын маселеси боюнча да киргизсе деген оюмду айттым. Бул маселелердин оң жагына чечилишине аракетибизди кылабыз. Эми, буюрса, келечекте аскер кызматкерлерин коргогон мыйзамдар жаатында иш жүргүзөлү деген ойдобуз. Бул албетте, чоң маселе, муну МЧК жетекчилигинин колдоосу чече албайбыз. Ошондуктан, бардык күч органдарынын Ардагерлер уюмдары башыбызды бириктирип, оюбузду, сунуштарыбызды топтоп анан мамлекет башчысына киришибиз керек деген ойдомун.

**– Аскер кызматында жүрүп пенсияга чыккан кызматкердин коомдогу орду, анын андан аркы тагдыры сизди ойлондурабы, себеби, аскер кызматкери эрте эле пенсияга чыгып, үйдө олтуруп калганда коомго аралаша албай, жашоосунда бир топ тоскоолдуктарга учурайт экен...**

– Бүгүнкү күндө күч түзүмдөрүндө кызмат өтөп жаткан жаштар көз ачып жумгуча эле ардагер болуп калаарын билишпейт. Мен да убакыттын мынча бат өтөөрүн капарыма алган эмесмин. Биз жаш кезибизде өзүбүздү карыбачудай сезчүбүз, ал эми карылык бизди бат эле жеңет тура.

Сиз туура белгилеп кеттиңиз, аскер адамдары пенсияга эрте чыккандыктан алардын жарандык коомго ийкемделиши оор жүрөт. Алгач, пенсияга жаңы чыккан адамдардын көпчүлүгү 3-4 жыл депрессияда болот. Депрессияны да бекеринен аскер адамдарынын оорусу деп аташпайт. Муну “пенсионердин синдрому” деп да атап жүрүшөт. Алсак, айрым чет мамлекеттерде пенсияга чыккан аскер кызматкерлери үчүн атайын реабилитациялык борборлор иштейт. Ал жерде бул процессти эки этап менен ишке ашырышат. Биринчи этабында аскер кызматкерине пенсияга чыкканга 1-2 жыл калганда атайын курстардан окутуп, пенсияга чыкканда ал өзүн кайсы тармакта көргүсү келет, ошол жакка аны психологиялык жактан даярдап, ошол борборлордон алар экинчи кесипке окуп үйрөнүшөт. Экинчи этабында, пенсияга чыккандарды 2-3 жыл бою күч органдары карап турат, аларды жумуш менен камсыз кылат. Акыркы жылдары бизде да кайсы бир долбоордун негизинде НАТОнун курстары ачылып, балдар барып окуп атышыптыр, бирок жаман жери аны бүткөндөн кийин деле алар үчүн иштегенге жумуш орундары жок. Бул жерде баса белгилей кетүүчү нерсе, аскер адамдарынын аткаруучулук жөндөмү жогору, ар бир ишти так жана өз учурунда аткарышат, тартиптүү болушат. Бизде ошол сапат өмүр бою калат экен. Мамлекет мына ошону пайдалана албай жатат. Биздин пенсионерлер Кыргызстандан өзүн таба албай башка мамлекеттерге кетишүүдө. Аларды да колдош керек, себеби, алар башка мамлекеттен алган акчасын Кыргызстанга жумшап жатышат. Алсак, биздин офицер Кыргызстандан алчу пенсиясын албай, Россиядан барып пенсияга чыгып, 40-60 миң рубль алып аны Кыргызстандын экономикасына жумшоодо. Ошондуктан, мына ушул маселени да карап, аскер адамына кош жарандуулукка урукcат берип койсо жакшы болмок. Биздин коом бир нерсени түшүнбөй атат, биздин ардагер башка мамлекетке (Россияга, Казакстанга) барып пенсия алып байыйын, соода кылып коммерсант болоюн деп барып жаткан жок, пенсионер катары татыктуу жашайын деп барып жатат. Биз ушул маселени туура түшүнсөк. Албетте, акыркы кездерде чек ара кызматында жылыштар бар, мына азыр коррупция менен күрөшүп жатабыз, кадр маселесинде ачык айкындуулук пайда боло баштады, эми бардыгын убакыт көрсөтөт. Азыр электрондук заман, билимдүүлөрдүн заманы келатат. Жакынкы убакта бардык көйгөйлөр өзүнөн өзү эле чечилет деп ойлойм. Биз келечекте таза коомдо жашайбыз деп ишенем.

**– Маегиңиз үчүн чоң рахмат, ишиңизди ийгилик коштосун!**

Маек курган: К.Эсеналиева.

# ДИНИЙ СЕКТАЛАРДЫН КОРКУНУЧЧУ ЭМНЕДЕ?



**Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын басма сөз кызматынын билдирүүсү боюнча учурда "Кыргызстандагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча долбоор иштелүүдө. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия даярдап жаткан долбоордун максаты-өлкөдөгү дин тутуу эркиндигин өркүндөтүү, диний окуу жайлардын, уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу болуп саналат.**

## ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ БИЗГЕ ЭМНЕ БЕРДИ?

Кыргызстан эгемендүүлүктү алган жылдары ар нерсенин эркиндигин даңазалаган мыйзамдарды өтө шашылыш кабыл алгандыгынын кесепети акыркы жылдары өлкөбүздүн бүтүндүгүнө өтө чоң тасирин тийгизип келгени ажеп эмес. Мына ошондой "эркиндик" мыйзамдарынын бири-"Кыргызстандагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамы болуп саналат.

Кыргызстанда аталган мыйзамдын жетегинде пайда болгон диний уюмдардын саны учурда миңдеп саналып, ар кайсы диний уюм, диний секта "өз билген талканын чалып", "дин эркиндиги жөнүндө" желбиреп колунда турган мыйзамды көзгө сайып келүүдө.

Кыргыз Республикасында эгемендик жылдарында бул мыйзамдын негизинде диний чөйрөнү эркин өнүктүрүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

***2014-2020-жылдарга КРнын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясында" өлкөдө башка христиандык диний уюмдардын ичинен расмий түрдө: 4 католиктик, 50 баптистик, 20 лютерандык, 56 элүүнчүлөр, 31 жетинчи күндүн адвентистери, 38 пресвитериан, 43 харизматикалык, 41 Иегова күбөлөрү, 18 башка христиандык уюм, 26 чет элдик протестанттык миссия бар. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынан 1 еврей жамааты, 1 буддисттик, 12 бахайи дининин жамааты каттоодон өткөн деп берилсе, акыркы маалыматтар боюнча учурда каттоодо ислам багытындагы 2422, христиан жана протестанттык багыттагы 380 ден ашуун диний уюмдар менен агымдар иш алып барууда.***

Диний эксперттердин айтымында, учурда "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" мыйзамдын бир топ бөлүгүнө өзгөртүү-толуктоо киргизүү зарылдыгы бар. Мыйзамдын кээ бир беренелериндеги тыюу салуулар дин туткандар тарабынан кызуу талкууга алынып келгендиктен, бул жагдай наразылык жаратып, агрессияга алып келиши мүмкүн деген пикирлерди айткандар да арбын .

Өлкөбүздө "Дин эркиндиги жөнүндө" мыйзамдан сырткары "2014-2020–жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы" кабыл алынып, ал диний уюмдардын жана бирикмелердин ишин мамлекеттик жөнгө салуунун багыттарын жана принциптерин аныктаган. Концепцияга ылайык, диний бирикмелер жана уюмдар мамлекеттик башкарууга, мамлекеттин ички жана тышкы саясатына кийлигишпейт, өз ишинде саясий максаттарды көздөгөнгө, коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка коркунуч келтирген аракеттерди жүргүзгөнгө укугу жок. Ал эми мамлекет конфессиялык жактан нейтралдуу болуп эсептелип, эч бир динге артыкчылык бербейт жана кандайдыр бир диний идеологияны жарандар үчүн милдеттүү катары колдонбойт.

Концепцияда "дин Кыргыз Республикасын социалдык, маданий жана руханий өнүктүрүүнүн олуттуу бөлүгү деп эсептелип, цивилизациялык мамилеге негиз салынды, мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы конструктивдүү диалог, социалдык өнөктөштүк үчүн өбөлгөлөр түзүлдү" деп белгиленгени менен бүгүнкү күндө мамлекет, диний бирикмелер жана уюмдар ортосунда конструктивдүү диалог жүрүп жатканы деле байкалбайт.

## АЛАР- "КУТКАРЫЛГАНДАР", БИЗ -"АДАШКАНДАР".

Айрыкча, эгемендүүлүктү алган жылдардан тартып өлкөбүздө диний уюм катары каттоодон өткөн секталар асиресе мусулмандардан турган кыргыз коомчулугунун сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, диалог түзүп кеткенин деле байкабадык. Тескерисинче, аймактарда, мусулман дининдегилер менен баптисттердин, жахабалардын ж.б. секталардын ортосундагы чыр-чатактар көп болгондуктан, диний ар түрдүүлүк маселелери акыркы жылдардагы ООНдун отчетунда Кыргызстанда чыр-чатак жаратчу жагдайлардын бири катары белгиленип келди.

Белгилүү теолог Кадыр Маликовдун айтуусу боюнча ар бир секта башынан эле буюртманын негизинде уюшулат. Ал эми бара-бара кайсы бир кызмат өзүнүн башка тарапка карата деструктивдүү ишмердүүлүгү үчүн же агымдар аркылуу маалымат алуу жана таратуу үчүн сектанын кызматынан пайдаланат. Секталар ар кандай деңгээлде коркунуч жаратып, эң оболу алар стабилдүүлүктү жана коомдо орун алып калган конфессионалдык мамилелердин тең салмактуулугун бузат, себеби, ар бир эле коомдо пайда болгон секта чыр-чатак жаратып, кызыкчылыктардын кагылышуусуна, диний белгилери боюнча жана конфессиялар арасындагы кагылуушуларга алып келет.

Айткандай эле, учурда Кыргызстанда идеологиялык согуш жүрүүдө. Бул согушту тоталитардык жана деструктивдик диний секталар жарыялап, өз катарына жаштарды тартып, конфессиялар аралык жаңжалды уюштуруу аракетин көрүүдө. Диний секталар өлкөбүздөгү диний аралык тең салмактуулукка терс таасирин тийгизүүдө.

К.Маликов баса белгилегендей, секталардын эң башкы белгилеринин бири – бул алардын ар дайым миссионердик ишмердүүлүк жүргүзүүсү жана башка конфессиянын жана башка диндин адамдарын өзүнүн катарына тартууга аракет кылуусу. Бул аракет, албетте, чыр-чатакты пайда кылбай койбойт.

Диний секталардын коркунучтуу болушунун дагы бир себеби, мейли ал христиандык, исламдык же башка болбосун анын салттуу, башка конвенциялардан айырмасы башка агымды таанбай, андан бөлүнүп чыккан топтун бир бөлүгү болуп эсептелет жана ал секта өзүнүн кайталангыс экенин жана алар гана "куткарылгандар" ал эми калгандар бүтүндөй "адашкандар" экенин айтып келишет.

Секталарга мүнөздөмө берүүдө теолог: ***"...алардын өздөрүнүн "гурусу"- устаты бар, ал пирамида түрүндө болуп, эң башында устат туруп, андан кийин гана сектанын мүчөлөрү турат. Алар ошол устаттын гана сөзүн угушат жана ал устат алардын жашоосун толук көзөмөлгө алып, экономикалык, үй-бүлөлүк, диний коомдун мүчөлөрүнүн жашоосун, айтор, өздөрүнүн пикирлештеринин башка илимпоздордун жана дин таануучулардын оюн угууга тыюу салынат"*** дейт.

Алсак, тиешелүү сектанын мүчөлөрү сатып алуу, сатуу, жардам көрсөтүүнү да өзүнүн сектасынын ичинде гана жүргүзүшөт. Алар өздөрүнүн диний түшүнүгүн ошол сектанын же окуунун чегинде гана түшүнүшөт. Сектанын коркунуч жаратышы, көпчүлүк секталардын саясий чөйрөдө өзүнүн кызыкчылыгын жылдыруу максатында диний ишмердүүлүктөн сырткары коммерциялык ишмердүүлүк менен да алектенишет.

Айрым жалган христиандык агымдардын, алсак, секталардын (Свидетели Иеговы", "Церковь Муна" ж.б) өздөрүнүн адвокаттары, юристтери болуп, коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенишет. Ошондой эле көпчүлүк секталардын өз кызыкчылыгын бийлик аркылуу түртмөлөөрү да белгилүү. Секталардын коркунучу-алар мамлекеттин аткаруу бийлигине жана күч органдарына кирүүдө жашыруун максатты көздөгөнү.

## ДИНИЙ СЕКТАЛАР ЧОҢ САЯСАТТЫН КУРАЛЫБЫ?

Дин таануучунун айтуусу боюнча кайсы болбосун секта биздин территорияда импорттолгон нерсе болуп эсептелет. Тарыхтан белгилүү болгондой, буга чейин көпчүлүк секталар согуштун куралы жана саясий, геосаясий максаттарын ишке ашыруу үчүн чоң державалар тарабынан колдонулган курал болуп келген. Ошондуктан секталар бүгүнкү күндө коомубузга реалдуу коркунуч жаратат.

**Кадыр Маликов, дин таануучу:**

– СССР кулаганга чейин күчтүү держава болгону белгилүү, ошол кезде чыгыш Европанын территориясында жана башка өлкөлөрдө өзүнүн радиоуктуруу станциялары бар дин эркиндигинин маселесин жана саясий маселелерди көтөргөн көптөгөн секталар пайда болгон. Алар СССРге иштеген. Ошол эле эгемендүүлүктү жаңыдан алган 90-жылдары батыштан келген дин эркиндиги колдоого алынып, эгемен Кыргызстандагы мыйзамдар да либералдуу болуп, Кыргызстанда диний саясат, диний кырдаалга көңүл бурулбагандыктан, өлкөбүздүн территориясында каттоодон өткөн жана каттоодон өтүүнү максат кылган ар түрдүү диний багыттагы агымдар келе баштаган. Ар кайсы секталардын өкүлдөрү батирлерди кыдырып өзүнүн адабияттарын таратышып, үй ээси башка динде экендигине карабастан өзүнүн баалуулуктарын таңууласа, бир тарабынан Кыргызстанга ар түрдү миссионердик уюмдар келип, мусулман калкын христиан калкына айландыруу максатын көздөшкөн, бул жагдай, өз учурунда чыр-чатакка алып келген учурлар жок эмес.

2006-2007-жылдарда биз бир сайт таптык. Анда Кыргызстан менен Казакстандын шаарларын евангелизациялоо тууралуу айтылат. Бул албетте, цивилизациялардын диалогуна, диндер аралык диалогко алып келбейт, тескерисинче, бул чыр-чатакка гана алып келет. Себеби, Борбордук Азияда башкы дин ислам экени, Ислам дини көптөгөн жылдары Орус Православдык чиркөөсү жана ошондой эле Борбордук Азияга тээ 19-кылымда эле келген айрым протестанттык уюмдар менен тынчтыкта жашап келатканын баса белгилей кетүүбүз керек.

Мусулмандарга каршы агрессивдүү күүлөнгөн батыш миссионерлеринин өлкөнү евангелизапциялоо жана ар кандай секталарга тартуу аракеттери чоң чыр-чатактарга алып келиши ыктымал, ошондуктан бул маселе мамлекет тарабынан жөнгө салынып жана көзөмөлгө алынып турууsu абзел. Мамлекет диний кырдаалды көзөмөлгө алып туруу керектигин, диний кырдаалды ар кайсы таасир астында карап, диний агым болгону чоң саясаттын куралы экенин түшүнүшү зарыл.-деп баса белгилейт дин таануучу.

**P.S. Ооба, эркиндик деген создүн өзү эле адамга аба сунгандай жеңилдик берет. Бирок, биз, "эркиндик" деген сөздү эсибиз менен кабыл алып, сөз эркиндиги дегенди "оозуна келгенди оттоо" деп, "дин эркиндиги" дегенди бир үй-бүлөдөгү беш кишинин беш түрдүү динде болушуна жол берилет деп түшүнбөшүбүз абзел. Дегеним, "курама курап журт" болгон алакандай кыргыздын улут катары сакталып калышы үчүн тили жана дили менен кошо дини да бир болбосо келечеги бүдөмүк...**

К.Эсеналиева.

## СУУДАН САКТАНУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ



# СУУГА ЧӨГҮҮДӨН САКТАНЫҢЫЗ!

**Жай мезгили – эс алуу үчүн эң сонун учур. Өзүңүз үчүн, ден соолугуңуз үчүн сууга түшүү жакшы маанай тартуулайт, андыктан жакшы сүзүүнү өздөштүрүп, суудa жүрүү эрежелерин жетишээрлик билишиниз керек.**

Сууда узак убакыт бою жүрүүгө болбойт, суук тийип калышы мүмкүн. Эгер сиз үшүп, денеңиздин калчылдаганын сезген болсоңуз, дароо суудан чыгып, жээкти бойлой кыска бирок, ылдам чуркаңыз.

Сууга түшүүнүн узактыгы абанын жана суунун температурасына, нымдуулукка жана шамалдын күчүнө көз каранды. Сууга түшүү үчүн эң жакшы шарт – ачык, шамалы жок 25$^0$С жана андан ашык температурадагы аба ырайы. Ошондой эле сууга түшүүнү 18$^0$Сден баштаса болот. **(Таблица 1)**

| Суунун температурасы, $^0$С | Сууга түшүү убакытысы, мин. |
|---|---|
| 18 | 6-8 |
| 20 | 10-12 |
| 20дан жогору | 15 минутага чейин |

Тамактангaн соң 1,5 сааттан кийин сууга түшүү сунуш кылынат. Көбүнчө балдардын пляжында болгон оң, анткени ал жер жакшы, талапка ылайык кырсыкты алдын алуучу зарыл каражаттар менен камсыз болот. Эсиңиздерде болсун, балдар чоң кишилердин көзөмөлүндө гана сууга түшө алышат.

Пляждын территориясында медициналык пункт жана күндөн калкалоочу серелер курулушу керек.

Пляжды ачууга куткаруу кызматынын өкүлдөрү менен биргеликте түзүлгөн атайын комиссиянын текшерүүсүнөн кийин гана уруксаат кылынат.

Балдардын сууга түшүү учурундагы коопсуздугунун жоопкерчилиги сууда сүзүү жана куткаруу боюнча инспекторго жүктөлөт.

Балдарды 10дон ашпаган группада, 10 мунуттан түшүрүп, суудан чыккан сон линейкага тургузуп, бирден жоктоп чыгуу күзөтчү-тарбиячынын милдети.

Сууда сүзгөндү билбеген балдарга ден соолукту чыңдоо лагеринин же балдар мекемелеринин жетекчилери өзүнчө машыгуу жүргүзүү керек.

Кырсыкты болтурбоо үчүн, балдарга сууда өзүн алып жүрүү эрежелерин жана оор кырдаалдарда эмне кылуу керек экендигин түшүндүрүү керек.

**Эсиниздерде болсун:**

- сууга уруксаат кылынган жайда гана чоңдордун көзөмөлүндө түшүү керек;
- тааныш эмес, балыры көп, алыс жерлерге чейин барууга тыюу салынат;
- кайыктын, катамарандын артынан кубалап, асылууга, жабышууга болбойт;
- күн бүркөктө же катуу шамал башталганда сууга түшүүгө болбойт;
- үйлөмө матрацтарда, жаздыкчаларда, дөңгөлөктүн камерасында сүзүүгө болбойт, ал жарылып кетсе, адам кокусунан терең жерге түшүп кетет, бул сүзгөндү жакшы билгендер үчүн да коркунучтуу;көпүрөлөрдөн, тосмолордон, кеме токтоочу жайлардан, кайыктан жана катерлерден сууга секирүүгө болбойт.

**Эгер Сиз кайыкта болсоңуз:**

- кароосуз калган жана техникалык жактан он болбогон кайыктарды пайдаланбаныз;
- мас абалда кемеге түшүп сейилдебениз;
- сууда сүзүп бара жатып, бир кайыктан экинчи кайыкка олтурбаныз;
- карангы киргенден кийин сүзүүчү каражаттарды (кайык, катер, катамаран) колдонбонуз

**Эгер Сиз:**

- чарчап турсаңыз;
- күн өтүп кеткен болсо;
- ачкарын болсоңуз;
- суусап турган болсоңуз;
- ооруп айыккандан кийинки, ошондой эле спирт ичимдиктерин ичкенден кийинки абалда болсоңуз сууга түшүүдөн өзүңүздү токтотуп койгонуңуз жакшы болот.

Сууга чөгө баштаганда өзүн жоготпой, акырын шашпай, тынчтыкты кармоо менен өзүн-өзү сактап калууга мүмкүн. Кескин кыймыл жасабоо керек, анткени суу оозго, өпкөгө тез толуп, буттун тарамыштары түйүлүп калат. Терең дем алып, абаны өпкөдө 30 секунддай кармоого аракет кылса натыйжалуу болот.

## КЫРСЫКТЫН СЕБЕПТЕРИ КАЙСЫЛАР?

### ҮШҮП КАЛУУ, ИЧИРКЕНҮҮ

Ачык суу айлампаларында 15$^0$Стан төмөнкү температурада сууга түшүүгө тыюу салынат, анткени бул муздактан, ичиркенүүдөн адам кокусунан эсин жоготуп алат жана өлүмгө дуушар кылат.

### ЫСЫК УРУУ

Организмди ысык уруу көп убакытка чейин суу, көл жээктеринде, кайыктын бортунда, катерде күндөн калкаланбай жүрүүнүн натыйжасында болот. Ушундан улам дененин нормалдуу температурасы бузулуп, баш тегеренүү, көңүл айнуу, куску келүү байкалып адамдын жалпы абалы начарлап, тез-тез дем алып температура +40...+41 градуска чейин көтөрүлөт. Мындай абал кээ бир убакта эсин жоготуу менен коштолот.

Жабырлануучунун кийимин жеңилдетип, эркин дем алуусуна шарт түзүп, бетине жана төшүнө муздак компресс коюу керек.

### СУУГА ТҮШҮҮДӨГҮ ТАРАМЫШ ТҮЙҮЛҮҮ, КАРЫШУУ

Мындай абал сууда түшүп жатканда гана эмес, башка убактарда деле туура эмес, кескин кыймыл жасоолордо байкалат. Тарамыш түйүлүү, карышуу булчундарга күч келүүдө, үшүп калууда же ашыкча эмоцияга алдырганда кармайт. Эгер сууга түшүп жатканда тарамыш түйүлүү кармаса, коркпостон терең дем алып, башты сууга чумкутуп, денени бош таштап, суу үстүндө калкуу керек. Андан соң, сүзүүнүн кыймылын өзгөртүп, бутка күч келтирбей кол менен иштөө керек.

Колдун манжаларын күч менен тезинен муштум кылып кысып, колду эки тарапка кескин кыймыл менен сунуп муштумду жазыңыз.

### БИРИНЧИ ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ

Жабырлануучу суудан чыкандан кийин биринчи жардамды көрсөтүү керек.

Жабыркаган адамды жээкке жеткиргенден кийин, анын абалын баамдайбыз.

Эгер жабыркаган адам аң-сезими менен болсо, анда аны кургагыча сүртүп, жылуу имаратка киргизип, ысык чай, кофе берүү сунуш кылынат.

Эгер сууга чөккөн адам бир нече убакыттан кийин чыгарып, ошондой эле деми кысылып (асфиксия), клиникалык өлүм абалында болсо дароо дарыгерди чакыруу керек.

Убакыты жоготпостон, дарыгер келгенге чейин дароо биринчи жардам көрсөтүүгө киришүү керек. Жабырлануучуну чечиндирип, оозу — мурундагы массаны, кумду тазалап, жаактарынын арасына таякча (жыгачтын бөлүгү же бекем оролгон бет аарчы жб.) коюп, өпкөгө жасалма дем алдыруу баштоо керек.

Анык чөгүп кеткенде, жабыркаган адамды көмкөрөсүнөн куткаруучунун астына коюп, тез-тез силкүү менен көкүрөгүнөн басышат (10-15 секунд аралыгында) андан кийин аны чалкасынан жаткырышат.

**Эгер, жабыркаган адамдын тиштери карышып калган болсо, оозун ачуу үчүн төмөндөгү ыкмаларды колдонуу керек:**

- колдордун жардамы менен, астыңкы жаакка колду коюп ачуу;
- санитардык сумкадагы кеңейткичтин, же болбосо кандайдыр бир жалпак катуу нерсени (кашык, таякча ж.б.) жардамы менен.

Кээ бир учурда жакка жасалган жигердүү массаж да оозду ачууга өбөлгө болот. Жабыркаган адамдын ооз көңдөйүн жана мурдун тазалап алгандан кийин, карын жана өпкөдөгү сууларды чыгаруу үчүн, жабыркаган адамды көмкөрөсүнөн куткаруучунун астына коюп, аркасынан далысын көздөй күч менен кагуу керек.

Жабыркаган адамды куткаруу станциясына жеткиргенден кийин дагы, реанимация иш-аракеттерин улантуу кажет. Жасалма дем алдырууну убактысынан мурда токтотуп коюу каталыгы да көп кездешет. Жабыркаган адамдын убактылуу дем алуу кыймылдарынын калыбына келиши, анын өпкөсүнүн иштеши толугу менен калыбына келди дегенди түшүндүрбөйт. Ошондундуктан, жабыркаган адамдын сезими жок болот же өпкөсү жабыркайт. Мындай учурда дем алуунун ритми мүнөтүнө 40 жолу согуудан аз болсо, жасалма дем алдырууну улантуу зарыл.

Жардамды тез аранын ичинде, үзгүлтүксүз, ырааттуу, тартиби менен көрсөтүү керектигин унутпоо зарыл.

Сууга чөккөн адамдын денесинин жылуулугун тез жоготушу, анын температурасынын дээрлик төмөндөшүнө алып келет. Ошондуктан, жабыркаган адамды муздак жерге жаткырбоо керек. Жыгач досканын же жыгач калкандын үстүнө жаткырып, суу болгон кийимдерин чечиндирип, терисин кургактап сүртүп, жылуу шейшеп же жуурканга ороо керек.

Кургактап сүртүүнү улантуу менен бирге ысытуучу каражаттары да, (уксус, нашатырь спирти) колдонсо болот.

Асфиксия учурунда куткаруучунун кыймыл-аракеттери өзгөчө жигердүү болууга тийиш.

Организмдеги кандын туура эмес айлануусуна шарт түзбөө үчүн, жабыркаган адамды грелка же жылуу бөтөлкө менен жылытууга болбойт.

Бардык куткаруучу жабдуулар эл көп түшкөн аймактагы щитте жайгашышы керек.

Кокус кырсык болуп жаныңыздагы адам сууга чөгүп кетсе, аны алып чыккандан кийин 6 мүнөттүн ичинде өмүрүн сактап калса болот.

Жай мезгилинде жагымдуу эс алып, бөөдө кырсыктардан сак болуңуздар!

Даярдаган С.Абдыкариева.

Гезит ээси КР Мамлекеттик чек ара кызматы

Чегарада / На границе

Редактор
Абдыкариева Салкын

Тел.: 54-28-99

2003-жылдан бери жарыкка чыгат.
Сунуштарыңыздарды жана ой-пикирлериңиздерди гезиттин chegarada@gmail.com дарегине жөнөтсөңүздөр болот
Гезит редакциянын компьютердик бөлүмүндө терилип жасалды.

Гезит Адилет министрлигинен каттодон өткөн. Күбөлүк №813
«ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Буйрутма 1393. Нускасы 4000.